КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2024-жылдын 19-декабры, № 766

**Автомобиль жолдорун оңдоого, күтүүгө, курууга жана реконструкциялоого жыйымдарды алуу тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу**

“Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексине, “Жол фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Автомобиль жолдорун оңдоого, күтүүгө, курууга жана реконструкциялоого жыйымдарды алуу тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Автомобиль жолдорун оңдоого, күтүүгө, курууга жана реконструкциялоого алынган жыйымдардан түшкөн каражаттар автомобиль жолдорун оңдоого, күтүүгө, курууга жана реконструкциялоого гана пайдаланылат деп белгиленсин.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 26-августундагы № 604 “Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбоорун түзүү маселелерин уюштуруу жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын бюджетинин ресурстарынын администраторлорунун функцияларын аткаруу боюнча колдонмодо:

жогоруда аталган Колдонмонун 1-тиркемесинде:

– төмөнкүдөй мазмундагы $40^1$-пункт менен толукталсын:

“

| | |
|---|---|
| $40^1$ | Автомобиль жолдорун оңдоого, күтүүгө, курууга жана реконструкциялоого жыйымдар |

”.

012113*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 19 декабря 2024 года № 766

**Об утверждении Положения о порядке взимания сборов на ремонт, содержание, строительство и реконструкцию автомобильных дорог**

В целях реализации Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений в некоторые законодательные акты Кыргызской Республики (в Кодекс Кыргызской Республики о неналоговых доходах, Закон Кыргызской Республики «О Дорожном фонде»)», в соответствии со статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить Положение о порядке взимания сборов на ремонт, содержание, строительство и реконструкцию автомобильных дорог согласно приложению.

2. Установить, что средства, поступающие от сборов на ремонт, содержание, строительство и реконструкцию автомобильных дорог, используются исключительно на ремонт, содержание, строительство и реконструкцию автомобильных дорог.

3. Внести в постановление Правительства Кыргызской Республики «Об организационных вопросах формирования проекта доходной части государственного бюджета» от 26 августа 2015 года № 604 следующее изменение:

в Руководстве по выполнению функций администраторов ресурсов бюджета Кыргызской Республики, утвержденном вышеуказанным постановлением:

в приложении 1 к вышеуказанному Руководству:

– дополнить пунктом $40^1$ следующего содержания:

«

| | |
|---|---|
| $40^1$ | Сборы на ремонт, содержание, строительство и реконструкцию автомобильных дорог |

».

012104*

4. Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жол фонду он күндүк мөөнөттө бул токтомду ишке ашыруу боюнча чараларды көрсүн.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

6. Бул токтом расмий жарыяланууга тийиш жана 2025-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.А. Касымалиев**

4. Министерству транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики, Министерству финансов Кыргызской Республики, Государственной налоговой службе при Министерстве финансов Кыргызской Республики, Дорожному фонду при Министерстве транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики в десятидневный срок принять меры по реализации настоящего постановления.

5. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

6. Настоящее постановление подлежит официальному опубликованию и вступает в силу с 1 января 2025 года.

**Председатель**
**Кабинета Министров**
**Кыргызской Республики** **А.А. Касымалиев**

Тиркеме

## Автомобиль жолдорун оңдоого, күтүүгө, курууга жана реконструкциялоого жыйымдарды алуу тартиби жөнүндө жобо

### 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо автомобиль жолдорун оңдоого, күтүүгө, курууга жана реконструкциялоого жыйымдарды алуу тартибин аныктайт.

2. Ушул Жобо уюштуруучулук-укуктук формаларына жана менчигинин түрүнө карабастан юридикалык жана жеке жактарга колдонулат.

3. Ушул Жободо төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

1) автомобиль жолдорун оңдоого, күтүүгө, курууга жана реконструкциялоого жыйымдар – ушул Жобонун тиркемесине ылайык бензинди жана дизелдик отунду импорттоочу жана/же өндүрүүчү юридикалык же жеке жактардан алынуучу төгүм;

2) төлөөчү – Кыргыз Республикасынын аймагына импорттоочу жана/же Кыргыз Республикасынын аймагында бензинди жана дизелдик отунду өндүрүүчү юридикалык же жеке жактар.

### 2-глава. Автомобиль жолдорун оңдоого, күтүүгө, курууга жана реконструкциялоого жыйымдарды төлөөчү

4. Жыйымдарды төлөөчүлөр төмөнкүлөр болуп саналат:

1) Кыргыз Республикасынын аймагына бензинди жана дизелдик отунду алып келген импорттоочулар;

2) Кыргыз Республикасынын аймагында бензинди жана дизелдик отунду өндүрүүчүлөр.

5. Төлөөчүлөр жыйымдардын өз убагында төлөнүшү, ошондой эле берилген отчеттуулуктун туралыгы жана аныктыгы үчүн толук жоопкерчилик тартат.

6. Жыйымдар төлөөчүлөрдөн улуттук валютада алынат.

7. Жыйымдар колдонуудагы мамлекеттер аралык стандарттардын (ГОСТ) жана ЕАЭБдин техникалык регламенттеринин талаптарына ылайык аталышын жана маркасын идентификациялоодон өткөн, ошондой эле белгиленген тартипте маркалоодон өткөн бензинден жана дизелдик отундан алынат.

8. Төлөөчү төлөмдү төмөнкү ыкмалардын бири аркылуу төлөйт:

– банктык мекемелер же төлөм терминалдары аркылуу;

– электрондук башкаруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган электрондук төлөмдөрдүн мамлекеттик системасын пайдалануу аркылуу.

Приложение

## Положение о порядке взимания сборов на ремонт, содержание, строительство и реконструкцию автомобильных дорог

### Глава 1. Общие положения

1. Настоящее Положение определяет порядок взимания сборов на ремонт, содержание, строительство и реконструкцию автомобильных дорог.

2. Действие настоящего Положения распространяется на юридические и физические лица независимо от организационно-правовых форм и форм собственности.

3. В настоящем Положении используются следующие понятия:

1) сборы на ремонт, содержание, строительство и реконструкцию автомобильных дорог – взнос, взимаемый с юридических или физических лиц, импортирующих и/или производящих бензин и дизельное топливо, согласно приложению к настоящему Положению;

2) плательщик – юридические или физические лица, импортирующие на территорию Кыргызской Республики и/или производящие на территории Кыргызской Республики бензин и дизельное топливо.

### Глава 2. Плательщик сборов на ремонт, содержание, строительство и реконструкцию автомобильных дорог

4. Плательщиками сборов являются:

1) импортеры, осуществляющие ввоз на территорию Кыргызской Республики бензина и дизельного топлива;

2) производители бензина и дизельного топлива на территории Кыргызской Республики.

5. Плательщики несут полную ответственность за своевременную уплату сборов, а также за правильность и достоверность предоставляемой отчетности.

6. Взимание сборов с плательщиков осуществляется в национальной валюте.

7. Сборы взимаются с бензина и дизельного топлива, прошедших идентификацию наименования и марки в соответствии с требованиями действующих межгосударственных стандартов (ГОСТ) и технических регламентов ЕАЭС, а также прошедших в установленном порядке маркировку.

8. Плательщик производит оплату одним из следующих способов:

– через банковские учреждения или платежные терминалы;

## 3-глава. Импорттоочудан жана/же өндүрүүчүдөн автомобиль жолдорун оңдоого, күтүүгө, курууга жана реконструкциялоого жыйымдарды алуу тартиби

9. Жыйымдар импорттолгон жана/же өндүрүлгөн бензиндин жана дизелдик отундун көлөмүнүн негизинде алынат. Эсептөөдө жыйымдардын суммасы бүтүн санга чейин тегеректелет.

10. Жыйымдардын ставкасы төмөнкү формула боюнча эсептелет:
1 литр × 1 сом = жыйымдар.

11. Төлөөчүлөр жыйымдарды ай сайын отчеттук айдан кийинки айдын 10унан кечиктирбестен төлөөгө милдеттүү.

## 4-глава. Эсеп жана отчеттуулук

12. Төлөөчү импорттолгон жана/же өндүрүлгөн бензиндин жана дизелдик отундун көлөмдөрүн эсепке алууну жүргүзөт.

13. Отчеттуулук төлөөчү тарабынан квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 20сынан кечиктирилбестен электрондук түрдө транспорт жана коммуникациялар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берилет.

Отчеттуулукту толтуруу формасы жана тартиби транспорт жана коммуникациялар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

14. Транспорт жана коммуникациялар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кыргыз Республикасынын салыктык эмес кирешелер жөнүндө мыйзамдарында каралган тартипте автомобиль жолдорун оңдоого, күтүүгө, курууга жана реконструкциялоого жыйымдардын келип түшүүсүн эсепке алат жана контролдойт.

## 5-глава. Контролдоо жана аудит

15. Кыргыз Республикасынын аймагында бензиндин жана дизелдик отундун жүгүртүлүшүн натыйжалуу контролдоо үчүн импорттоочулар жана/же өндүрүүчүлөр өлкө ичинде, ошондой эле аларды алып келүүдө бензинди жана дизелдик отунду бардык ташуулар жана жөнөтүүлөр боюнча маалыматтарды алууну камсыз кылуу менен, бензинди жана дизелдик отунду эсепке алуунун эл аралык системалары менен өз отчеттуулуктарын интеграциялоого милдеттүү.

16. Транспорт жана коммуникациялар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган импорттолгон жана/же өндүрүлгөн бензиндин жана дизелдик отундун көлөмүн салыштыруу үчүн тиешелүү макулдашуулардын алкагында ыйгарым укуктуу салык органы жана ыйгарым укуктуу бажы органы менен маалымат алмашат.



– путем использования государственной системы электронных платежей, предусмотренной законодательством Кыргызской Республики в сфере электронного управления.

## Глава 3. Порядок взимания сборов на ремонт, содержание, строительство и реконструкцию автомобильных дорог с импортера и/или производителя

9. Сборы взимаются на основании импортируемых и/или произведенных объемов бензина и дизельного топлива. При расчете сумма сборов округляется до целого числа.

10. Ставка сборов рассчитывается по следующей формуле:
1 литр × 1 сом = сборы.

11. Плательщики обязаны ежемесячно уплачивать сборы не позднее 10 числа месяца, следующего за отчетным.

## Глава 4. Учет и отчетность

12. Плательщик ведет учет объемов импортируемых и/или произведенных бензина и дизельного топлива.

13. Отчетность подается плательщиком ежеквартально, не позднее 20 числа месяца, следующего за отчетным периодом, в электронном виде в уполномоченный государственный орган в сфере транспорта и коммуникаций.

Форма и порядок заполнения отчетности определяются уполномоченным государственным органом в сфере транспорта и коммуникаций.

14. Уполномоченный государственный орган в сфере транспорта и коммуникаций осуществляет учет и контроль за поступлением сборов на ремонт, содержание, строительство и реконструкцию автомобильных дорог в порядке, предусмотренном законодательством Кыргызской Республики о неналоговых доходах.

## Глава 5. Контроль и аудит

15. Для эффективного контроля оборота бензина и дизельного топлива на территории Кыргызской Республики импортеры и/или производители обязаны интегрировать свою отчетность с международными системами учета бензина и дизельного топлива, обеспечивая доступ к данным по всем перемещениям и отгрузкам бензина и дизельного топлива как внутри страны, так и при их ввозе.

16. Уполномоченный государственный орган в сфере транспорта и коммуникаций для сверки объема, импортируемого и/или произведенного бензина и дизельного топлива производит обмен информацией с уполномоченным налоговым органом и

## 6-глава. Корутунду жоболор

17. Автомобиль жолдорун оңдоого, күтүүгө, курууга жана реконструкциялоого жыйымдарды максаттуу багыты боюнча так пайдалануу жоопкерчилиги транспорт жана коммуникациялар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жүктөлөт.

18. Ушул Жобонун жоболорун бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик каралган.



уполномоченным таможенным органом в рамках соответствующих соглашений.

## Глава 6. Заключительные положения

17. Ответственность за использование сборов на ремонт, содержание, строительство и реконструкцию автомобильных дорог строго по целевому назначению возлагается на уполномоченный государственный орган в сфере транспорта и коммуникаций.

18. За нарушение положений настоящего Положения предусмотрена ответственность в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

Автомобиль жолдорун оңдоого, күтүүгө, курууга жана реконструкциялоого жыйымдарды алуу тартиби жөнүндө жобого тиркеме

| № | Позициянынын аталышы | ТЭИ ТН коду |
|---|---|---|
| 1 | Автомобиль бензини: октан саны 80ден аз | 2710 12 411 0 |
| 2 | Автомобиль бензини: октан саны 80 же андан көп, бирок 92ден аз | 2710 12 412 0 |
| 3 | Автомобиль бензини: октан саны 92 же андан көп | 2710 12 413 0 |
| 4 | Автомобиль бензини: башкалар | 2710 12 419 0 |
| 5 | Автомобиль бензини: октан саны 95 же андан көп, бирок 98ден аз | 2710 12 450 0 |
| 6 | Автомобиль бензини: октан саны 98 же андан көп | 2710 12 490 0 |
| 7 | Автомобиль бензини 0,013 г/л көп: октан саны 98ден аз | 2710 12 510 0 |
| 8 | Автомобиль бензини 0,013 г/л көп: октан саны 98 же андан көп | 2710 12 590 0 |
| 9 | Дизелдик отун: жайкы | 2710 19 421 0 |
| 10 | Дизелдик отун: кышкы | 2710 19 422 0 |
| 11 | Дизелдик отун: сезон аралык | 2710 19 424 0 |
| 12 | Дизелдик отун: башкалар | 2710 19 425 0 |

Приложение к Положению о порядке взимания сборов на ремонт, содержание, строительство и реконструкцию автомобильных дорог

| № | Наименование позиции | Код ТН ВЭД |
|---|---|---|
| 1 | Бензин автомобильный: с октановым числом менее 80 | 2710 12 411 0 |
| 2 | Бензин автомобильный: с октановым числом 80 или более, но менее 92 | 2710 12 412 0 |
| 3 | Бензин автомобильный: с октановым числом 92 или более | 2710 12 413 0 |
| 4 | Бензин автомобильный: прочие | 2710 12 419 0 |
| 5 | Бензин автомобильный: с октановым числом 95 или более, но менее 98 | 2710 12 450 0 |
| 6 | Бензин автомобильный: с октановым числом 98 или более | 2710 12 490 0 |
| 7 | Бензин автомобильный более 0,013 г/л: с октановым числом менее 98 | 2710 12 510 0 |
| 8 | Бензин автомобильный более 0,013 г/л: с октановым числом 98 или более | 2710 12 590 0 |
| 9 | Дизельное топливо: летнее | 2710 19 421 0 |
| 10 | Дизельное топливо: зимнее | 2710 19 422 0 |
| 11 | Дизельное топливо: межсезонное | 2710 19 424 0 |
| 12 | Дизельное топливо: прочее | 2710 19 425 0 |